Үй-бүлө менен бала бакчанын тыгыз байланышы, алардын бардык жактан кызматташтыгы баланын мектепке даярдыгын калыптандыруудагы оптималдуу жол болуп саналат. Баланы мектепке толук жана туура даярдоонун жалпы жыйынтыгына жетүү максатында бала бакча менен үй- бүлө биримдикте кызматташуу керек, тарбиячы үй бүлөнүн жардамына таянып, ал эми ата-эне өздөрүнүнүн иш-аракетин бала бакча менен макулдашышы зарыл.

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Божович Л.И. Баланын мотивациялык чөйрөсүн өнүктүрүү көйгөйү // Балдардын жана өспүрүмдөрдүн жүрүш-турушун окуу - Москва, 1972ж.
2. Гинзбург М.Р. Жеке инсандык Психологическое содержание личностного самоопределения.//Вопросы психологии, 1994г.
3. Россия педагогикалык энциклопедиясы - http://www.otrok.ru.
4. Эльконин Д.Б. Баланын психологиялык өнүгүүсүн аныктоонун айрым маселелери // Китепте.: Баланын окуу ишмердүүлүгүнжана интеллектуалдык өнүгүүсүн аныктоо. – М.: Педагогика, 1981ж.

**УДК 371. 044. 2**

***Рыспаева Ч.К.,***
*И. Арабаев атындагы КМУ, аспирант.*

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ МЕКЕМЕЛЕРГЕ БАРГАН ЖАНА БАРБАГАН БАЛДАРДЫ МЕКТЕПКЕ БОЛГОН ДАЯРДЫГЫНЫН САЛЫШТЫРМАЛУУ ТАЛДООСУ

***Аннотация:***
*Макалада 1-класстын окуучуларынын интеллектуалдык даярдыгынын өзгөчөлүктөрү анализденген. Эмпирикалык изилдөөдө мектепке чейинки мекемелерге барган жана барбаган балдардын интеллектуалдык жактан болгон даярдыгынын өзгөчөлүктөрүнүн салыштырмалуу анализи көрсөтүлгөн.*

*The article analyses the characteristics of intellectual preparedness of first graders. The empirical study is a comparative analysis of the intellectual preparedness the disciples attending and not attending preschool educational associations before school.*

***Түйүндүү сөздөр:***
*Мектеп жашына чейинки курак, мектепке даярдык, интеллектуалдык даярдык, жөндөмдүүлүк; компонент, психологиялык даярдык, деңгээл, мотивация.*
*Preschool age, readiness for school, intellectual readiness for school, ability, component, psychological preparation, level, motivation.*

Мектеп жашына чейинки курак баланын индвидуалдуулугу, өздүк аң сезими өнүгүү менен бирге бул мезгил инсан болуп калыптанышынын баштапкы этабы катары каралат. Мектеп жашына чейинки бала өтө сезимтал келет дагы, мындан ары психикалык процесстер- туюу, кабыл алуу, эс, ой процесси, элес жана чыгармачыык ургаал өнүгөт. Бала акырындык менен белгиленген максатты негизинде аң- сезмдүү аракеттенүүгө үйрөнөт [2].

Мектепке чейинки мекемелердеги тарбиялоо баланын өнүгүүсүн ылдамдатууда эмес, эң биринчиден балага куракдык өзгөчөлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн ачууга мүмкүнчүлүкөрдү берүүчү шарттарды түзүү болуп саналат.

Мектеп жашына чейинки куракта эң негизги компонент болуп баланын мектепке психологиялык жактан даярдыгы эсептелинет. Психологиялык жактан даярдык дегенибизде, баланын куракташ балдар менен группа шартында, мектептеги окуу программасын өздөштүрүүгө ылайыкташырылан, психиканын керектүү жана жетишээрлик өнүккөн деңгээли дегенди түшүнөбүз.

И. Ю. Кулагина мектепке болгон даярдыктын эки көз карашын бөлүп чыккан: мотивациялык жана интеллектуалдык, ошону менен бирге алар өнүгүүнүн мотивациялык, интеллектуалдык жана сүйлөө (речь) сфераларынын өнүгүүсүндө чагылдырылганын билдирген [3].

Бала мамилелешүүнүн жаңы чөйрөсүнө жеңил кирүүгө, жаңы шарттарга батыраак көнүп кетүүгө жана баланын иш- аракети ийгиликтүү болушуна жогоруда айтылып өткөн эки көз караштын тең болушу зарыл.

Мектеп жашына чейинки куракдагы жакшы өнүккөн бала, мектепке өнүгүүнүн бул сферасы жетишээрлик жана белгилүү деңгээли менен келет.

Бул жагдайда Л.С. Выготский жана анын жолун жолдоочулар: Л. И. Божович, Д. Б. Эльконин тарабынан иштелип чыккан жол- жоболорго токтолуп кетүү зарыл [1].



5(4)/1

Д. Б. Эльконин баланын мектепте окууга даярдыгынын көйгөйлөрүн аныктоодо биринчи орунга окуу иш- аракетинин керектүү өбөлгөлөрүнүн калыптандырылышы зарыл деген . Ал өбөлгөлөрдү анализдөөдө, төмөндөгү параметрлер бөлүнүп чыккан:

- аракеттин ыкмасын жалпысынан аныктоочу, балдардын өз аракеттерин кандайдыр бир эрежеге баш ийдирүү жөндөмдүүлүгү;
- коюлган талаптар системасына багыт алуу жөндөмдүүлүгү;
- айтуучуну кунт коюп угуу менен бирге, оозеки түрдө коюлган тапшырманы так аткаруу жөндөмдүүлүгү;
- көрүү менен кабыл алган үлгүгө жараша, берилген тапшырманы өз алдынча аткара алуу жөндөмдүүлүгү [4].

Жогоруда айтылып өткөн параметрлердин баардыгына биринчи классстагы окуу таянат дагы, мектепке болгон даярдыктын бир бөлүгүн түзөт.

Л.С. Выготский баланын мектепке даяр болушун сандуу жыйынды катары карабастан, ойлоонун сапаттуу өзгөчөлүгүнүн чагылдырылышы катары көрсөткөн [2].

Андыктан, мектепке даяр эмес балдар менен иштөө үчүн, б.а. аларды окутуу үчүн атайын өнүгүү шарттарын түзүү зарыл.

Биздин иилдөөдө максат катары мектепке чейинки мекемелерге барган жана барбаган балдардын мектепке болгон даярдыгынын салыштырмалуу анализин көрсөтүү белгиленген. Экспериментке Бишкек шаарынын № 48 орто мектебинин, 1- классынын 20 окуучусу катышкан. Мектепке болгон даярдыктын компоненти катары интеллектуалдык даярдыкты алдык дагы, усул катары Керн- Йирасектин "Мектепке жетилгендик денгээлин аныктоо" тестин колдондук. Изилдөө ар бир бала менен жеке түрдө өткөрүлгөн.

Колдонулган усул боюнча өткөрүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы 1- таблицада чагылдырылган.

Таблица 1

Мектепке чейинки мекемелерге барган жана барбаган балдардын мектепке интеллектуалдык жактан даярдыгынын деңгээлдери.

| Интеллектуалдык даярдыктын өнүгүү деңгээлдери | Жогорку | Орто | Төмөн | Баардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Мектепке чейинки мекемелерге барбаган балдар | - | 3 | 7 | 10 |
| Мектепке чейинки мекемелерге барган балдар | 5 | 5 | - | 10 |

Жалпы билгичтик менен байланышкан балдардын интеллектуалдык сапаттарын аныктоодо, Керн- Йирасектин мектепке жетилгендикти аныктоо усулу боюнча балдардын 2 тайпасында төмөндөгү жыйынтыктарга ээ болдук.

Мектепке чейинки мекемелерге барбаган балдар боюнча жыйынтык: жогорку деңгээлде- болгон эмес, орто деңгээли менен – 3 бала; төмөн деңгээли менен– 7 бала. Графика түрүндө, мектепке чейинки мекемелерге барбаган балдардын жыйынтыгы 1- диаграммада чагылдырылган.





Диаграмма 1. Керн- Йирасектин тести боюнча мектепке чейинки мекемелерге барбаган балдардын жыйынтыгы.

Колдонулган усул боюнча, мектепке чейинки мекемелерге барган балдардын жыйынтыгы төмөндөгүдөй: жогорку деңгээлде – 5 бала; орто деңгээли менен – 5 бала; төмөн деңгээли менен – болгон эмес. Жыйынтык графикалык түрдө 2- диаграммада чагылдырылган.





Диаграмма 2. Керн-Йирасектин тести боюнча мектепке чейинки мекемелерге барган балдардын жыйынтыгы.

Андыктан, мектепке чейинки мекемелерге барбаган балдардын жоопторунда түшүнүктөрдү жалпылоо толук калыптанбагандыгы байкалды. Ал эми мектепке чейинки мекемелерге барган балдардын суроолорго жооп бергендеринен татаалдыктар байкалган эмес. Окуунун негизги интеллектуалдык өбөлгөсү катары каралган- түшүнүктөрдү жалпылоо компоненти мектепке чейинки мекемелерге барган балдарда жетишээрлик деңгээлде өнүккөнү тастыкталды.

Жыйынтык. Көп үй- бүлөдө тарбия баланы кароого, башкача айтканда, убагында тамактандыруу, кийимин алмаштыруу, ойнотуу жана уктатуу менен гана чектелген. Көптөгөн балдардын мектепке чейинки билим алуудан четте калуусу өкүндүрөт. Мектепке чейинки мекемелерге барбаган балдардын даярдык деңгээли төмөнүрөөк экендиги тастыкталды.

Билим берүү системасында бала бакча баланы ар тараптуу тарбиялоо менен, мектепке даярдоо функциясы да өзгөчө орунду ээлейт. Бала мектепке канчалык сапаттуу жана өз убагында даярдалган болсо, анын андан аркы окуусундагы ийгилик жемиштүү болот.

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Выготский Л.С. Педагогическая психология. - М., 2001. 398 с.
2. Жумалиева Ж.М., Асаналиева Б. У., “Балдар психологиясы”, Бишкек, 2014
3. Кулагина И.Ю. Возрастная психология. – М., 2001. – 132 с.
4. Эльконин Д.Б. Некоторые вопросы диагностики психического развития детей // В кн.: Диагностика учебной деятельности и интеллектуального развития детей. – М.: Педагогика, 1981г.



***Сманов И.С.***

*доктор педагогических наук., профессор, ЮКГПИ г. Шымкент*

***Сманова Б.И.***

*кандидат философских наук, доцент*

***Сманова Г.И.***

*кандидат педагогических наук, старший преподаватель*


## АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ ОРГАНИЗАЦИИ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ РАБОТЫ ПО ФОРМИРОВАНИЮ ГРАЖДАНСКОЙ АКТИВНОСТИ ШКОЛЬНИКОВ-ПОДРОСТКОВ


***Аннотация.***

*В статье рассматриваются основные компоненты системы педагогического управления, которыми выступают школьники и классный руководитель, учителя как социально-организованные личности, ставящие перед собой определенные цели гражданского воспитания. Методологическими ориентирами, по мнению авторов статьи, в построении концептуальной модели деятельности педагогического коллектива школы по формированию гражданской активности школьников являются такие подходы как системный, деятельностный, проблемно-целевой, культурологический, личностный, которые использовались в нашем исследовании в единстве и взаимосвязи.*

*In article the main components of system of pedagogical management as which school students and the class teacher, teachers as the social and organized persons setting before themselves definite purposes of civil education act are considered. Methodological reference points, according to authors of article, in creation of conceptual model of activities of pedagogical staff of school for formation of civil activity of school students are such approaches as system, activity, problem and target, culturological, personal which were used in our research in unity and interrelation.*